Beeline
Баары оңой

«Скай Мобайл» Жоопкерчилиги чектелген коом
Башкы директор – Пятахин А.В.

720021, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Ибраимов көч. 115, э/с 280010001137063
Кыргыз Инвестициялык Кредиттик Банкы, МФО (БИК) 128001 ИНН: 02404200610104

Тел.: +996 (775) 58 06 11, *611 (чалуу Beeline абоненттери үчүн акысыз). Факс: +996 (312) 90 07 02
КРӨ караштуу МБА лицензиясы: №15-1420-КР, №14-1102-КР, №14-1125-КР, №16-1526-КР, № 16-1527-КР, №16-0089-КР, №20-0388-КР, 21-0489-КР

Ыңгайлуу тарифтик планды тандоону сунуш кылабыз. Актуалдуу тарифтик пландар тууралуу маалыматты төмөнкү жактардан биле аласыз:

- сатуучу – консультанттар
- *611 номери боюнча колл-борбордон
- **www.beeline.kg** сайтынан
- Beeline жакынкы кеңсесинен

ш.

## Байланыш кызматын көргөзүү тууралуу келишим № ______ от ____ (күнү) ____ (айы) ______ (жылы)

«Скай Мобайл» ЖЧКнын ыйгарым укуктуу өкүлү:

(«Скай Мобайл» ЖЧКнын кызматкеринин кызматы, бөлүмү, фамилиясы, инициалдары же юридикалык жактын аталышы, кызматы, юридикалык жак анын атынан чыгып жаткан адамдын фамилиясы, инициалдары, же жеке адамдын статусу, фамилиясы, инициалдары)

☐ Кыргыз Республикасынын резиденти
☐ Кыргыз Республикасынын резиденти эмес

## АБОНЕНТТИК КАТТОО МААЛЫМАТТАРЫ

Фамилиясы

Аты

Атасынын аты

Туулган күнү: күнү / айы / жылы

**Өздүгүн тастыктоочу документ**
☐ Паспорт/ ИНН
☐ Башка

Документтин №

Берилди

Качан: күнү / айы / жылы

**Жашаган жеринин дареги**

Шаары

Көчөсү: үй / имарат / батир

Областы

Байланыш маалыматы (факс, телефон)

Жашыруун сөз (кириллица менен)

E-mail

Эсепти жеткирүү ыкмасы: ☐ E-mail ☐ SMS ☐ Жеткирүү мүмкүн эмес

Тарифтик план

Абоненттик номер

SIM-картанын сериялык номуру

**Эсептешүү ыкмасы - авансты**

**Келишимдин жарактуу мөөнөтү «____»______________________ж. чейин, эгер күнү көргөзүлбөсө, анда Келишим – мөөнөтсүз.**

Ушул келишимге кол коюп жатып, абонент келишимдин нускасын алганын, келишимдин шарттарын окуганын жана аларды оператор жана абоненттин ортосундагы укук мамилелерди жөнгө салуу үчүн милдеттүү катары эсептөөгө макул экенин тастыктайт.

Башка байланыш операторлоруна бериле турган байланыш кызматтарына жеткиликтүүлүк берүүгө, мындай кызматтарды көргөзүү үчүн менин жеке маалыматтарымды берүүгө - макулмун, эгер башкасы көргөзүлбөсө, ☐ макул эмесмин.

Келишимде көргөзүлгөн тартипте жеке маалыматтарды иштетүүгө жана берүүгө, анын ичинде маалыматтык сурап билүү кызматы үчүн колдонууга - макулмун, эгер башкасы көргөзүлбөсө. ☐ макул эмесмин.

Берүү тууралуу билдирүүнүн формасын аныктоо укугун Операторго калтырам.

**Тараптардын коюлган колу:**

| Абонент | | Оператор | |
|---|---|---|---|
| | | М.О. | |

## Байланыш кызматын көргөзүү туурасында келишим

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Ушул келишим Оператор тарабынан уюлдук байланыш кызматтарын көрсөтүү учурунда Тараптар ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.
1.2. Келишимде колдонулган терминдер Нускамада жалпыланган, расмий сайтында жарыяланган: http://www.beeline.kg.
1.3. Байланыш кызматтары жана кошумча акы төлөнүүчү кызматтар ушул келишимдин негизинде жана шарттары менен көргөзүлөт. Абонентке көргөзүлө турган кызматтардын тизмеси абонент тандап алган тарифтик план тарабынан аныкталат жана ушул келишимде жана Оператордун расмий сайтында жайгашкан кызмат көргөзүү Эрежелерде каралган тартипте жана шарттарда оператор тарабынан сунушталган учурдагы сунуштарга ылайык, абонент тарабынан кошумча тапшырык кылынган башка кызматтарды эске алуу менен аныкталат: http://www.beeline.kg (мындан ары – Эрежелер) .
1.4. Муну менен Абонент Оператордун акысыз кошумча кызматтарын алууга өз макулдугун берет.

### 2. Келишимди түзүүнүн жана кошумча кызматтарды туташтыруунун тартиби жана шарттары

2.1. Акы төлөнүүчү кошумча кызматтар жана башка байланыш кызматтары менен технологиялык үзгүлтүксүз байланышкан жана алардын керектөөчү баалуулугун жогорулатууга багытталган кызматтар (мындан ары "кошумча кызматтар") оператор же тийиштүү кызматтарды көргөзүүгө укугу бар үчүнчү жактар тарабынан көргөзүлөт жана абонент тарабынан, ушул келишимде жана колдонулган тарифтик планга ылайык төлөнөт. Муну менен Абонент мындай кызматтарды көргөзүү үчүн Оператордун үчүнчү жактарды тартуусуна өзүнүн макулдугун берет.
2.2. Кошумча кызматтар туурасындагы маалымат оператор тарабынан же үчүнчү жактар тарабынан оператордун расмий веб-сайтына элдик оферта түрүндө жайгаштырат: http://www.beeline.kg. Абонент тарабынан аныкталган тиешелүү тейлөө буйругун терүү аркылуу мындай кызматтарды колдонуусу Абоненттин кызмат көргөзүү жана тарифтердин шарттары менен макул болуусу, жана бул кызматтарды алууга жана төлөөгө макулдугу деп эсептелет.
2.3. Келишимге ылайык, абоненттик номери, пайдалануу боюнча абоненттин тандалып оператор, жеке эсеп ыйгарылат. Абонент Оператордун Эрежелерде белгиленген тартипте тел номерин алмаштырууга укуктуу.
2.4. Акысыз негизде абонентке роуминг кызматын туташтырып, роуминг кошулгандыгы жөнүндө пост-билдирүү жөнөтүү аркылуу кабарлайт. Роуминг кызматын өчүрбөө жана роуминг кызматынан андан ары пайдалануу абоненттин оператордун сайтында көрсөтүлгөн тартипте жана тарифтер боюнча бул кызматтарды көрсөтүүгө макулдугу болуп саналат. Мында абонент роуминг кызматын тейлөөнүн каалаган каналы аркылуу өчүрүүгө укуктуу (Мой Beeline KG ж.б тиркемелерде өчүрүү үчүн тиешелүү сервистик команданы терүү жолу менен).

### 3. Тараптардын укуктары жана милдеттери

3.1. <u>Оператор төмөнкүлөргө милдеттүү</u>:
3.1.1. Оператордун тарифтеринде колдонулуп жаткан кызмат көргөзүү эрежелери туурасындагы зарыл болгон жана чын маалыматтарды берүү, оператордун бардык кызматтарын жана абонентке келишимди аткаруу жана түзүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтарды сүрөттөө.
3.1.2. Абонентке бул келишимдин шартында кызматын көрсөтүү мезгилине абоненттик номерди (номерди) берүү.
3.1.3. Эрежелерде саналып өткөн маалыматтык - сурап билүү кызматтарынын тизмесин акысыз көргөзүү.
3.2. <u>Оператор төмөнкүлөргө укуктуу</u>:
3.2.1. Мыйзам менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө байланыш кызматтары үчүн бонент тарабынан колдонулуп жаткан байланыш кызматтарына болгон тарифке өзгөртүү киргизүү. 10 (он) күндүн аралыгында абонент келишимдин 6.1. пунктунда каралган өз укугун колдонбосо, бул аталган өзгөртүүлөрү менен абоненттин макулдугун билдирет.
3.2.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда кызмат көргөзүүнү токтотуу жана/же чектөө. Кызматтарды көргөзүүнү жандандыруу бузууларды толук четтеткенден кийин оператордун тарифтери боюнчажүргүзүлөт.
3.2.3. Абоненттин кызматтар тизмесин өзгөртүү максаты менен, арызданууже маалыматтык кызматтарды алуу үчүг Операторго кайрылган учурунда, жазуу жүргүзүү.
3.2.4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Эрежелерде каралган башка укуктарды колдонуу.
3.3. <u>Абонент төмөнкүлөргө милдеттүү</u>:
3.3.1. Сертификацияланган бүткөн жабдууларды гана колдонуу керек.
3.3.2. Келишим жана тарифтик план тарабынан аныкталган толук көлөмдө жана мөөнөттө байланыштын көргөзүлгөн кызматы үчүн акы төлөө зарыл.
3.3.3. Ушул келишимди түзүү үчүн зарыл болгон документтерди операторго берүү. Зарыл болгон документтердин тизмеси Эреже тарабынан аныкталат.
3.3.4. 10 (он) жумушчу күндүн ичинде абоненттик маалыматтарыңыздагы өзгөрүүлөр жөнүндө Операторго кабарлоого.
3.3.5. SIM-картаны башка жакка берген учурда, ошондой эле SIM-картаны башкажак кабыл алган жана колдонгон учурда, 10 календардык күндүн ичинде берилген же колдонулган номерге болгон келишимди Оператордун өзүн-өзү тейлөө тиркемелери аркылуу же Оператордун кеңсесинде кайра жоболоштуруу керек.
3.3.6. Оператордун расмий-сайтында жарыялана турган Оператордун кызматтарын колдонуу эрежелерин кармоо жана бул документке киргизиле турган бардык өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду кабыл алуу.
3.3.7. Кыргыз Республикасынын эреже жана мыйзамдар менен каралган башка милдеттерди аткарууга.
3.4. <u>Абонент төмөнкүлөргө укуктуу</u>:
3.4.1. Эрежелерде саналып өткөн Оператордун маалыматтык-сурап билүүчү акысыз кызматтарын колдонуу.
3.4.2. Келишимди түзүү учурунда да, келишимди аткаруу мөөнөтүндө да оператордун расмий сайтындагы же оператордун каалаган сатуу жана тейлөө кеңссесинен эрежелер, тарийтик пландар жана кызматтардын тизмеси менен таанышуу.

### 4. Оператортарабынанкөргөзүлгөнбаалар(тарифтер)

4.1. Абонентке көргөзүлө турган кызматтардын бардык түрлөрүнө тарифтер оператор тарабынан мыйзамдын талаптарын эске алуу менен өз алдынча аныкталат жана тарифтик пландарда чагылдырылат. Тарифтик пландардын тизмеси жана кошумча кызматтардын топтому оператордун веб-сайтында камтылат: http://www.beeline.kg жана/же болбосо тиешелүү жарнамалык - маалыматтык материалдарда жарыяланат. Белгилүү бир тарифти кошуу менен абонент бул тарифтин шарттарына макул болот.

### 5. Абонент менен байланыштын көргөзүлгөн кызматы үчүн эсептешүүлөр

5.1. Оператор абонент менен көргөзгөн кызматтары үчүн эсептешүү жүргүзөт, бул учурда үчүнчү жакка абонент менен байланыш операторунун атынан эсептешүү укугун берет.
5.2. Байланыш кызматы үчүн эсептешүүлөр эсептешүүнүн аванстык ыкмасын колдонуу менен ишке ашырылат.
5.2.1. Келишимди түзүү учурунда, абонентке SIM-карта берилет. Абонент тандалып алынган тарифтик план тарабынан аныкталган суммада биринчи аванстык төлөмүн жүргүзүүгө милдеттүү. Оператор абонентке оператордун эсебине же ыйгарым укуктуу жактын кассасына тийиштүү сумма келип түшкөнгө чейин, кызмат көргөзбөй коюуга укуктуу.
5.2.2. Абоненттик жак эсебине салынып жаткан аванс төлөмдөрү аларды абонент тарабынан колдонуусуна жараша, кызматты төлөө үчүн колдонулат. Аванстык төлөмдөрдүн суммасы тапшырык кылынган кызматтарды керектөө көлөмүнө жана тандалып алынган тарифтик планга ылайык, абоненттин өзү тарабынан аныкталат.

### 6. Келишимдибузуужанатоктототуруунунтартибижанашарттары

6.1. Абонент, бир тараптуу тартипте келишимди бузууга сиздин арыз менен кайрылып, Оператор менен бардык эсептешүүлөрдү жүргүзүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылууга укуктуу.
6.2. Абонент бир тараптуу тартипте Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана эрежелерин белгиленген келишим жокко чыгаруу укугуна ээ.
6.3. 180 (жүз сексен) календардык күндүн аралыгында SIM-картадан чалуулар жок болгон учурда, же 90 (токсон) күндөн ашык мөөнөттө төлөнбөгөн карызы бар болгон учурда, келишим бузулду деп эсептелет. Абоненттин жак эсебинде калган акча каражаты, эрежелерде көрсөтүлгөн тартипте абонент кайтарылат.

### 7. Тараптардын жоопкерчилиги

7.1. Оператор келишимдик милдеттерди жакшы аткарбаганы үчүн, же аткарбаганы үчүн, кызматтар туурасында маалыматтын чындыгы үчүн, ошондой эле Эрежелер тарабынан каралган башка учурларда абоненттин алдында жоопкерчилик тартат.
7.2. Оператор чалууларга жана билдирүүлөрдүн мазмуну үчүн мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук каралган учурларда ар кандай мүмкүн болгон начарлоосу же тармактын ишин токтотуу үчүн жооптуу эмес. Жободо айтылган үчүнчү тараптар абоненттик терминалы жана башка учурларда өз эркинче пайдалануу учурда.
7.3. Абонент төмөнкү учурларда байланыш операторунун алдында жоопкерчиликтартат:
- Операторго ушул келишимди түзүү үчүн зарыл болгон чын жана толук маалыматты берүү;
- байланыш кызматы үчүн акыны төлөбөө, толук эмес же өз убагында эмес төлөө;
- абоненттик терминалды эксплуатациялоо эрежелерин кармабоо;
- эрежеде көргөзүлгөн башка учурларда.

### 8. Жыйынтыктоочу жоболор

8.1. Ушул келишимге кол коюу менен абонент, ага ушул келишимди түзгөн күнү колдонуудагы Министрлер кабинетинин Токтому менен бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматын көрсөтүү эрежелери жана Оператордун кызмат көргөзүү Эрежелери белгилүү экени, аны менен таанышкандыгын тастыктайт.
8.2. Ушул келишимди өзгөртүү келишимдин шартына өзгөртүү киргизүүнү Оператор тарабынан сунуштоо жолу менен жана аны Оператордун расмий веб-сайтына жайгаштыруу менен жүргүзүлөт. Эгер абонент келишимдин шартын өзгөртүү туурасындагы сунуш менен маалыматты Оператордун веб-сайтына жайгаштыргандан кийин 10 күн бүткүчө Оператордун кызматы менен колдонуусун улантса, өзгөртүү абонент тарабынан кабыл алынды, ал эми келишим тараптардын макулдугу менен өзгөртүлдү деп эсептелет.
8.3. Кызмат көргөзүү менен байланыштуу келип чыккан маселелер боюнча бардык талаштар жана кайчы пикирлерди тараптар сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жолу менен чечүүгө умтулушат, тараптардын ортосунда Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына, ушул келишимдин жана Эрежелердин шарттарына ылайык чечилет. Сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө тараптар макулдашууга жете албаган кайчы пикирлер, Байланыш оператору жайгашкан жери боюнча Кыргыз Республикасынын сот органдарында кароого жатат.

**9. Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана берүүгө макулдук**

9.1. Абонент ушул Келишимди түзүп жатып, эркин, билип туруп жана өз эрки менен өзүнүн жеке маалыматтарын жана ага Абонент катары таандык болгон, Операторго ушул келишимге кол коюп жатканда жана колдонуу мөөнөтүнүн аралыгында белгилүү жана жеткиликтүү болгон маалыматтарды Оператор тарабынан байланыш кызматын, маалымат берүү, сурап билүү кызматтарын жана башка Оператор тарабынан ушул келишим боюнча бере турган кызматтарын көргөзүү максатында топтоого, иштеп чыгууга, пайдаланууга, жана берүүгө берилген кызмат үчүн эсептөөлөрдү жүргүзүүгө макулдугун берет, ошондой эле Абоненттин керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын аныктоо жана болжолдоо максатында жана Абонентке персонификацияланган сунуштарды, арзандатууларды, акцияларды, маалыматтык билдирүүлөрдү, Оператордон да, үчүнчү жактардан да маркетинг кызматтарын берүүнү Оператор тарабынан өз алдынча аныкталган ыкмалар менен берүүгө макул болот, жана Абонент катары үчүнчү тарап кызматтары менен камсыз кылуу боюнча үчүнчү жактарга өткөрүп берүү үчүн.

9.2. Абонент Оператор тарабынан жогоруда аталган максаттарга жетүү үчүн өзүнүн жеке маалыматтарына карата бардык аракеттерди ишке ашырууга өз макулдугун билдирет, анын ичинде автоматташтырылган каражаттарынын жардамы менен жана автоматташтыруу каражаттарын колдонуусуз жеке маалыматтарды топтоо, тутумдаштыруу, чогултуу, сактоо, тактоо (жаңылоо, өзгөртүү), пайдалануу, берүү, жаксыздандыруу, блокко салуу, жок кылуу кирет.

9.3. Абонент ошондой эле өзүнүн жеке маалыматтарын Оператордун ушул келишимдин жоболорун оперативдүү аткаруусу максатында, үчүнчү жактарга байланыштын электрондук каналы (интернет) аркылуу берүүгө, жана Операторго белгилүү жана жеткиликтүү болгон анын жеке маалыматтарын чек арадан берүүгө (анын ичинде транс чекаралык) макулдугун (эркин, өз эрки менен жана өз кызыкчылыгы үчүн) билдирет.

9.4. Абонент муну менен, ушул бөлүмдө каралган бардык макулдуктардын жарактуу мөөнөтү келишимди түзгөн күндөн башталаары жана анын жарактуу мөөнөтү бүткөнгө чейин уланаарын жана аны токтоткондо күндөн кийин 3 (үч) жылга чейин жарактуу болоору менен таанышты. Абонент Оператордун бардык кеңсесинде барып кайрылуу менен, Оператордун бардык кеңсесине жазуу жүзүндөгү арызды берүү менен өз макулдугун кайра алууга укуктуу.